**Ж . Бөкөнбаев гимназия - жатак жалпы билим берүүчү орто мектебинин Усулдук кеңешменин жыйналышынын № 1 - токтому**

**05.09. 2019-жыл.** **Базар-Коргон айылы**

Катышканы - 40

Катышпаганы - 0

Күн тартибинде каралуучу маселелер – 3

1. Өткөн 2018-2019-окуу жылында өткөрүлгөн усулдук иштерге анализ, 2019-2020-окуу жылына карата УКнин бир жылдык планын бекитүү.
2. Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдерди дайындоо
3. Жаңы предметтик стандарт жөнүндө

Угулду:

Окуу бөлүмүнүн башчысы – УК жетекчиси Кадыркулов М. Ж.Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак мектебинин УКнин 2018-2019- окуу жылындагы иштерине , усулдук иштерге токтолду.

Катышуучулар тарабынан өткөн жылдагы усулдук иштерге карата ой-пикирлер жана сунуштар айтылды:

1. Өткөрүлгөн усулдук иштердин көпчүлүгү практикалык түрдө болгону жакты.
2. Жаңы сөздөрдү үйрөтүү усулунан көп нерселерди үйрөндүк.
3. Дил баян жаздыруунун усулу жакты.
4. Инструкция, көрсөтмө берүү тапшырмалары усулдук жардам болду.
5. "Жыл мугалими" конкурсуна катышуунун Жобосу боюнча кантип катышуу керек? дисскуциясы жаккандыгын белгилеп өтүштү.

Кадыркулов М. Ж.Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак мектебинин УКнин 2019-2020- окуу жылына карата планы менен кеңири тааныштырып чыкты. Мугалимдер УК нин бир жылдык планын жактырышкандыгын айтып өтүштү. Айрым жолдоштор кезектеги иштер боюнча маселеге да усулдук иштерди көбүрөөк кошууну сунуш кылышты.

Угулду: Илимий завуч Жүдөмүшова М. 2- маселеде быйылкы окуу жылындагы предметтик жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер керек экендигин айтып, жаш мугалимдерди атап өттү.

Угулду: ОББ Кадыркулов М. 2019-2020- окуу жылында мамлекеттик стандартка ылайык предметтик стандарт боюнча бардык предмет мугалимдери тааныш болуусун жана ар бир педметтик мугалимден жаңы стандарттын негизинде сабактын планы болуусу талап кылынары эскертилип өттү.

Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап, Ж.Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак мектебинин УКнин жыйналышы токтом кылат:

1. 2018-2019- окуу жылындагы иштери канааттандырарлык деп табылсын жана 2019-2020-окуу жылына карата УКнин бир жылдык планы жактырылсын.

2. Тажрыйбалуу усулчу мугалимдер педагогикалык стажы 3 жылга жете элек жаш мугалимдерге насаатчы болуп бекитилиши педагогикалык кеңешке сунуш кылынсын:

1. Нарынбаев К. – математика мугалими Шермахаммат кызы Машрабхонго ;
2. Калдарбекова Ж. - математика мугалими Каныбек кызы Айнускага;
3. Дүйшөкулова Ж. – информатика мугалими Мирзахмедова Мунавархонго ;
4. Базаркулова Н. – биология мугалими Ниязова Нагимага жана химия мугалими Якубжанова Мухлисахонго

3. Сабактын планын жазууда бардык мугалимдер жаңы предметтик стандарт талаптарын сакташсын.

**УКнин төрагасы** / / **Кадыркулов М.**

**Катчы:** / / **Пусурманкулова Ч.**